**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
«Эл баасы»
**АККРЕДИТАЦИЯЛЫК АГЕНТТИГИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**АККРЕДИТАЦИОННОЕ АГЕНТСТВО**
«Эл баасы»

**KYRGYSTAN, ACCREDITAION AGENT "ЭЛ БААСЫ"**
**Ош ш., 723500, К-Датка к., 287/30**
**Тел.: +996 773 50-00-54**
**287/30, K-Datka Street, Osh, 723500**
**Phone: +996 777 64-41-21**
**г. Бишкек, ул. Киевская, 77/128а**
**Тел.: +996 772 62-89-36**

**Аккредитациялык кеңештин (АК)**
**2020-жылдын 20-ноябрындагы өткөрүлгөн Отурумунун**
**№ 5 ПРОТОКОЛУ**

Отурум Бишкек-Ош
шаарларынын ортосунда
On Line (он лайн)
режиминде өткөрүлдү

Отурумдун протоколунун жалпыланып жазылган негизги жери:
Бишкек шаары, Ч. Айтматов просп., Офис "Ак Кеме" _______,
тел.: 996(770147741); 996772 0777 644121; 996500 (0777) 543468
Отурум Онлайн форматында Zoom (ЗУУМ интернет тиркемеси
аркылуу (аралыктан) уюштурулду.

**Катышты:**

1. Бабакулов Манасбек Бабакулович (Бишкек)
2. Кыштообаев Орозалы Төрөбаевич (Ош)
3. Сопуев Адахимжан Сопуевич.(Ош)
4. Кадыров Артурбек Сайдуллаевич (Ош)
5. Абдалиев Урмат Калмаматовия (Ош)
6. Асилбек к. Жыпара (Ош)
7. Төрөханов Кубаныч Байжигитович (Бишкек)

Онлайн Отурумга Zoom аркылуу (аралыктан) кошулууга сунушталган (маселе даярдаган эксперттик топтордун мүчөлөрү) жана кызыкдар инсандар:

1. **Упенов Айбек Шерипбекович** – ТалМУ ректору,
2. **Жумалиев Самат Субанкулович** – ТалМУ проректору
3. **Каримов Нурлан Тентимишевич** – Ниязалы атындагы Ош музыкалык окуу жайынын директору
4. **Мадиев Сыргак Мамасадыкович**- № 76 КЛ директордун милдетин убактылуу аткаруучу,
5. **Нуркулов Сыярбек Абдураимович**- № 76 КЛ директордун орун басары
6. **Маматов Эрнист Кудайкулович** – № 77 КЛ директор,
7. **Акматов Болотбек Абдибаитович**- № 77 КЛ өндүрүштүк окуу боюнча директордун орунбасары
8. **Акматов Абдыганы** - №68 КЛ директордун орун басары,

Аккредитациялык кеңештин төрагасы **М.Бабакулов** онлайн (ЗУУМ интернет тиркемеси боюнча) отурумдун катышуучуларына кайрылып, саламдашып, отурумду өткөрүүгө кворумдун жетиштүү экендигин айттып, аккредитациялык кеңештин мүчөлөрү менен макулдашкандан соң, отурумду ачык деп жарыялады. Отурумдун күн тартибин долбоору менен тааныштырып, аны бекитүүдөн мурда маселелерди каттоонун тартибине өзгөртүү киргизүүнү ортого салды.

Ал Отурумдун башталышында, биринчи маселе катары жогорку окуу жайларынын аккредитациясын, ал бүткөндөн кийин орто окуу жайларынын, кийин кесиптик лицейлердин маселелерин кароону сунуштады. Айтылган сунушту Отурумдун катышуучулары туура көрүп, күн тартиби өзгөртүүлөр менен, бир добуштан колдоого алынды.

Ошондой эле, отурумда карала турган маселелер боюнча “Эл баасы” АА директору М.Бабакулов отурумдун мүчөлөрүнө аккредитациялоо боюнча каралып жаткан: жогорку, орто жана башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары жана программалары мурда да каралганын, Пандемияга (ЧП, ЧС, карантин) байланыштуу “шарттуу түрдө” бул окуу жайларынын мурдагы аккредитациясы узартылганын айтты. Биринчи этапдагы аккредитациялоодо бул окуу жайларынын Өзүн-өзү баалоо отчетторуна гана анализ жасалган, 2020-жылдын июнь айында онлайн түрүндө жүргүзүлгөн аккредитациянын максаты, чукул абалды чечүү, 2019-2020 окуу жылынын бүтүрүү процессин уюштурууга өз учурунда шарт түзүп берүү болгон, ошондуктан, 2020-жылдын 1-октябрына чейинки мөөнөткө аккредитациядан өттү деп эсептелсин деген чечим негизинде буйруктар чыгарылып окуу жайдын жетекчилигине жөнөтүлгөндүгү жөнүндө маалымат берди.

**Күн тартибинин 1/1 маселеси:**

**Талас мамлекеттик университетинде ишке ашырылып жаткан жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоонун жыйынтыктары жөнүндө**

**УГУЛДУ:** Талас мамлекеттик университетинде жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары ишке ашырылып жаткан жогорку, орто кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоо боюнча Эксперттик комиссиянын төрагасы **Алимов Уланбек Токтосуновичтин** баяндамасы (Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин “Адабият” факультетинин ага окутуучусу, ph доктор).

Ал өзүнүн сөзүндө, 2020-жылдын 28-29-октябрында “Эл баасы” аккредитациялык агентиги тарабынан 2020-жылдын 14-октябрындагы №50 буйругунун негизинде өткөрүлдү **Талас мамлекеттик университети жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары** боюнча ишмердүүлүгүн сырттан баалоо боюнча эксперттик комиссия иштегенин айтып, комиссиянын сапаттык курамы менен тааныштыргандан кийин, аталган окуу жайда ишке ашырылып жаткан жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларына кыскача мүнөздөмө берип, студенттердин билим берүү программалары боюнча саны, окуу жайдын окуу-методикалык жана материалдык-техникалык базаларына, окуу жайдын эл аралык уюмдар, окуу жайлар менен тыгыз байланышта иштеп жаткандыгы боюнча да кыскача анализ берди. Окуу жайынын билим берүүгө уруксат документтери (лицензиялары, санитардык-эпидемиологиялык жана өрт коопсуздугу боюнча көзөмөл органдардын документтери) жөнүндө айтып өттү.

Сырттан (эксперттик) баалоо комиссиянын курамы төмөнкүдөй:

| № | Аты- жөнү | Негизги иштеген уюму жана кызмат орду | Эксперттик комиссиянын курамындагы кызматы |
|---|---|---|---|
| 1 | Алимов Уланбек Токтосунович | «Манас» КТУ нин “Адабият” факультетинин улук окутуучусу, ph доктор | Комиссиянын төрагасы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2 | Зайниев Равшанбек Акимович | И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин “Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү” факультетинин деканынын орунбасары, т.и.к., доцент | Комиссиянын мүчөсү |
| 3 | Алексеева Оксана Григорьевна | Бобордук Казахстан академиясынын “Англис тили” кафедрасынын улук окутуучусу, (Караганда ш.) | Комиссиянын мүчөсү |
| 4 | Нуриева Жаныл Болотовна | Ж.Баласагын атындагы КУУ нин кесиптик колледжинин окутуучусу | Комиссиянын мүчөсү |
| 5 | Долотов Майрамбек Маматжанович | “Эл баасы” АА нин жетектөөчү адиси | Аккредитациялоону уюштуруучу |

ТалМУ юридикалык субъект катары юстиция органдарында 2000-жылдын 7-декабрында катталган. ТалМУ 2015-жылдын 17-февралында Талас шаарында жайгашкан КР юстиция министрлигинин Талас областтык юстиция башкармалыгынан юридикалык жак катары мамлекеттик каттоодон кайрадан өткөн (катталуу №89617-3307-У-е,код ОКПО 22252564).
Салык боюнча идентификациялык номери -№00102200110013.

Мамлекеттик каттоодон өткөн күнү: 07.12.2000

Дареги: Кыргыз Республикасы, Талас шаары, Ч.Айтматов көчөсү, 192

Менчиктин түрү: мамлекеттик

Уюштуруучу: КР Билим берүү жана илим министрлиги

Аталган окуу жайынын жетекчилигинин арызына ылайык төмөнкү билим берүү программалары (адистиктери) программалык аккредитациялоодон өткөрүлгөн:

| Окуу жайдын аталышы | Шифр | **Жогорку кесиптик билим берүү программалары** |
|---|---|---|
| ТалМУ, Жогорку кесиптик билим берүү | 550300 | **Филологиялык билим берүү**<br>- профили: кыргыз тили жана адабияты;<br>- профили: орус тили жана адабияты;<br>- профили: англис тили. |
| | 550400 | **Социалдык-экономикалык билим берүү**<br>- профили: тарых |
| ТалМУ, Орто кесиптик билим берүү | 050704 | Мектепке чейинки билим берүү |

Төрага, окуу жайы ушул кесиптер боюнча аталган отчетто көрсөтүлгөн жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларын (кесиптерин) жана аларды ишке ашыруунун шарттарын иликтенгендигине токтолду.

Баяндамачы окуу жайындагы оң жылыштар бар экендигин да белгилеп, бирок жогорку аккредитациялануучу билим берүү программалары боюнча маалыматтар ар бир билим берүү программасы боюнча иштеген эксперттердин отчетунда толук берилгендигин айтты (тиркемелери менен Эксперттик отчетту Агенттиктин уюштуруучусуна берилгендигин да эске салды. Ал бул аталган билим берүү программаларынын (адистиктеринин) **Алсыз жактары катары** төмөнкүлөрдү белгиледи:

- Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясын жана карьера борборунун жоктугу;
- Аталган адистиктер боюнча окуу жайдын өзүнүн студенттик жатакананын, жабык спорт залынын, ашкананын жоктугун; (Учурда, келишимдин негизинде колдоноорун)
- Студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн билим берүү программасы боюнча

окутуудан күтүүлөрүнө, керектөөлөрүнө жана канааттангандыгына жетишерлик деңгээлде мониторинг жүргүзүлбөгөн.

- Мониторингдин жана мезгили менен баалоонун натыйжаларын бардык кызыкдар тараптарды тартуу менен талдоо, талкуулоо боюнча иштер системага түшкөн эмес ата-энелерге жетиштүү малыматтын жетпегендиги;
- Колледждин окутуучулары тарабынан окуу-усулдук колодонмолор иштелип чыкпагандыгы;
- Окуу жай тууралуу маалыматтарды жалпы коомчулукка жеткирүү максатындагы иштери солгун жүрүшүн.

**Жыйынтыктоо:** Эксперттик комиссиянын төрагасы катары комиссия даярдаган тиешелүү сунуштарды окуп берди. (сунуштар өзүнчө тиркелет)

Окуу жайдын ишмердүүлүгүн жана окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн Эксперттик комиссиянын сунуштарын жана кемчилдиктерин окуу жайдын жетекчилиги эске алуу менен, ошондой эле, бир жылдан кийин (2021-жылдын ноябрь-декабрь айы) мониторинг жүргүзүү, эгер көрсөтүлгөн кемчиликтер жоюлбаса, мыйзам бузуулар калыбына келтирилбесе, берилген аккредитацияны кайра артка чакырып алуу шарты менен 5 жылга аккредитацияланды деген сертификат берүүнү сунушталат.

Баяндамачыга Сопуев А., Бабакулов М. жана И.Сариева суроолорду беришип, тиешелүү жоопторду алышты.

**ЖАРЫШ СӨЗГӨ ЧЫГЫШТЫ:**

**Бабакулов М. с**өз алып, чындыгында аталган билим берүү уюмдарынын дагы аткара турган иштери көп экен, өлкөбүздөгү кырдаал билим берүү уюмдарынын ишине да таасир этүүдө. Окуу жайдагы аккредитациядан өтүп жаткан филологиялык билим берүү программаларынын камсыздалуусуна токтолуп, алардын сапаттык курамы талапка жооп бербейт деди. Эксперттик отчеттордо жазылгандай, бүтүрүүчүлөр менен иштөө үчүн атайын окуу жайда карьера борборунун ишке кирүүсүн, ошондой эле спорт залды, жатакананы каражат таап талапка жараша курууну, билим берүү программалары боюнча кемчилдиктерди айтып, лицензиялык талаптарды так аткаруу керектигин окуу жайдын жетекчилигине эскертүү менен оюн жыйынтыктады.

**Кыштообаев О.** - сөз алып окуу жайда жүргүзүлүп жаткан алгылыктуу иштердин коомчулукка, студенттердин ата-энелерине, кызыкдар тараптарга тиешелүү маалыматтарды жеткирүү боюнча далилдүү материалдар жок экендигине токтолду. Жумуш берүүчүлөр менен бирге иштөө учурдун талабы деп, бир топ маселелер боюнча сунуштарды айтты. Интернеттик технологиялардын орду, аны жакшыртууга көңүл буруу керек экендигин эскертип өттү. Азыркы шартта тез аранын ичинде бул маселени колго алууну сунуштады жана алдын-ала таратып берилген Аккредитациялык кеңештин Токтомунун долбоорун колдоорун айтты.

**Сопуев А.-** сөз алып, азыркы кырдаалга байланыштуу окуу процессин тиешелүү деңгээлде жүргүзүү үчүн, студенттерге, окутуучуларга ыңгайлуу электрондук программаларды таап, тааныштырып, керек болсо окутуп окуу процесин жеткиликтүү жөнгө салыш керектигин, орто кесиптик билим берүү программасы боюнча окутуучулар тарабынан усулдук колдонмолорду даярдоону жолго коюуну айтып, окуу жайдын жетекчилигине кийинки жылы мониторинг жүргүзгөнгө чейин кетирилген кемчилдиктерди тиешелүү деңгээлде жоюу керектигин айтты.

**Асилбек к. Ж.-** жогорку кеситештеринин сунушун колдоп, Аккредитациялык кеңештин чечимин колго салууну сунуштады.

Талас Мамлекеттик университетинде ишке ашырылып жаткан жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоонун жыйынтыктарын карап, талкуулап “Эл баасы” Аккредитациялык агенттигинин **Аккредитациялык кеңеши**

**чечим кылат:**

**1.** Талас мамлекеттик университетинде ишке ашырылып жаткан жогорку кесиптик билим берүү боюнча**:**

| № | шифр | Жогорку кесиптик билим берүү программалары |
|---|---|---|
| 1 | *550300* | **Филологиялык билим берүү**<br>-профили: Кыргыз тили жана адабияты;<br>-профили: Орус тили жана адабияты;<br>-профили: Англис тили |
| 2 | 550400 | Социалдык-экономикалык билим берүү<br>-профили: Тарых |

**2. Талас мамлекеттик университетинде ишке ашырылып жаткан орто кесиптик билим берүү боюнча:**

| № | шифр | Орто кесиптик билим берүү программалары |
|---|---|---|
| 1 | 050704 | Мектепке чейинки билим берүү |

2. Аталган билим берүү уюмуна 2025-жылдын июнуна чейин мамлекеттик үлгүдөгү документ берүү укугуна ээ деген сертификат берилсин.

3. Окуу жайынын жетекчилиги Тиркемеге ылайык, эксперттик комиссия көрсөткөн кемчиликтерди жана Аккредитациялык кеңеш белгилеген сунуштарды колго алуу боюнча иш чаралардын План-графигин түзүп, аларды жоюу боюнча уюштуруу иштерин жүргүзсүн.

4. Аталган окуу жайынын жетекчилигине “аккредитациялоодон кийинки окуу жайдын ишмердүүлүгүнө мониторинг” жүргүзүп туруу боюнча “Эл баасы” аккредитациялык агенттиги менен 2020-жылдын 30- декабрына чейин “келишим” түзүү милдеттендирилсин.

5. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Агенттиктин жетектөөчү эксперти М. Долотовго тапшырылсын.

*(Эксперттик комиссиянын кыскача корутундусу жана кетирилип жаткан кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштары тиркелет)*

Чечимдин долбоору колго салынды:

макул - 7
каршы - 0;
калыс - 0.

Чечим кабыл алынды.

Талас мамлекеттик университетинин билим берүү
программаларын аккредитациялоо боюнча
экспертик отчетуна
**Тиркеме**

**Сырттан (эксперттик) баалоо комиссиясынын жана Аккредитациялык кеңештин сунуштары**

1. Аккредитациялоодон өтүп жаткан билим берүү программаларынын (багыттарынын) кээ биринин кадрлык камсыздалуусу (окутуучулардын сапаттык курамы) лицензиялык чен өлчөмдөрдүн талабына дал келбейт, атап айтканда: "Филологиялык билим берүү" нүн "Орус тили жана адабияты" жана "Англис тили" профилдери. Ошондуктан, аталган билим берүү программаларынын окутуучуларынын сапаттык курамын 2021-2022 окуу жылынын башталышына чейин өзгөртүү (жогорку квалификациялуу адистер менен толуктоо) зарыл;

2. Окуу жайында, 1-пунктта көрсөтүлгөн кесиптик билим берүү программаларынын Профилдери боюнча өзүнчө, "Бүтүрүп чыгаруучу (выпускающая)" кафедраларды 2021-2022-окуу жылынын башталышына чейин түзүү зарыл, андай кафедралар "Кафедра түзүүнүн типтүү Жобосуна" жараша уюштурулушу керек.

3. Окуу жайынын материалдык-техникалык базасы жакшыртууну жана толуктоону талап кылат: окуу жайына типтүү спорт залын куруу же аны сатып алуу зарыл. Бул маселени 2021-2022-окуу жылынын башталышына чейин чечүүнү колго алуу зарыл;

4. Аккредитациялоодон өтүп жаткан билим берүү программаларынын (багыттарынын) окуу-методикалык жактан камсыздалуусуна көңүл буруу зарыл: учурда акыркы 5 жылда жарык көргөн "милдеттүү окуу китептеринин" жана окуу-методикалык колдонмолорунун саны лицензиялык чен өлчөмдөргө дал келбейт, аны 2021-2022-окуу жылынын башталышына чейин чечүү сунушталат;

5. Электрондук библиотеканы түзүүнү 2021-жылдын 1-октябрына чейин ишке ашыруу керек;

6. Окуу жайынын Миссиясын, ага ылайык максаттарын жана милдеттерин туруктуу документте (уставда) көрсөтүүнү 2021-жылдын 1-октябрына чечүү зарыл;

7. Стратегиялык жана учурдагы пландардын аткарылышына мониторингди жана талдоону уюштуруу боюнча ишти күчөтүү жана өз убагында түзөтүүлөрдү киргизүү.

8. Билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген тутумун уюштурууну 2021-жылдын 1-октябрына чейин аяктоо;

9. Тиешелүү кызыкдар тараптардын катышуусунда билим берүү программаларына комплекстүү мониторингди (Билим берүү программалары боюнча пайдалануудагы "Окуу планынын" билим берүү стандарттарына (ГОС), о.э. билим берүү программаларынын кадрлык камсыздалуусунун лицензиялык чен-өлчөмдөргө дал келүүсүн) өткөрүүнү 2021-жылдын 1-октябрына чейин уюштуруу сунушталат;

10. Академиялык мобилдүүлүк программасын түзүү жана аны ишке ашыруу;

11. Кошумча билим берүү үчүн алынган лизенцияларды максаттуу иштетүү жана кызыкдар тараптардын сунуштарын эске алуу менен атайын курстарды уюштуруу.

12. Студенттерди иргөөнүн себептерин анализдөө жана окуудан чыгарылгандардын саны боюнча иш алып баруу.

**Эскертүү**: "Эл баасы" агенттиги Тиркемедеги маселелердин ишке ашырылышына, Сертификат берилген датадан 1 жыл өткөндө, жана андан кийинки мезгилде эки жылда бир жолу мониторинг жүргүзүп турары жана жагдайга жараша аккредитацияга өзгөртүү киргизиши мүмкүн экендиги эскертилет.